# АТАЙЫН БАЯНДАМА

ЖАРАНДАРДЫН
ИЧҮҮЧҮ ТАЗА СУУГА
ЖАНА САНИТАРИЯГА УКУГУ

# СПЕЦИАЛЬНЫЙ ДОКЛАД

ПРАВО ГРАЖДАН НА ЧИСТУЮ
ПИТЬЕВУЮ ВОДУ И САНИТАРИЮ



2017

УДК 347.21.3
ББК 67.99 (2) 3
Ж 34

Ж 34 «Жарандардын ичүүчү таза сууга жана санитарияга укугу. Атайын баяндама / Специальный доклад. Право граждан на чистую питьевую воду и санитарию»: Аппарата Омбудсмена в Кыргызской Республике - Б.: Сентябрь Медиа, 2018. - 60+4 б.

ISBN 978-9967-11-659-7

Институт Омбудсмена в Кыргызской Республике
Бишкек, 720040, ул. Тыныстанова, 120

Ж 1203020400-18
ISBN 978-9967-11-659-7

УДК 347.21.3
ББК 67.99 (2) 3

Бул атайын баяндама Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө (2002-жылы 31-июлда кабыл алынган, №136) мыйзамынын 11-беренесинин 7-пунктуна ылайык даярдалды.

Бул иш Америка Кошмо Штаттарынын элинин жардамы менен АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттигинин (USAID) колдоосу аркасында ишке ашты. Доклаттын мазмуну жана андагы көз-караштар АКШ өкмөтүнүн же USAIDдын расмий позициясын чагылдырбайт.

© Аппарат Омбудсмена в Кыргызской Республике

# МАЗМУНУ

§1. АЛГЫ СӨЗ...6

1.1 Проблеманын актуалдуулугу ... 6

1.2. Жарыкка чыккан материалдарга баян ... 7

1.3. Иликтөөнүн методологиясы ... 8

1.4. Эл аралык милдеттер... 8

1.5. Кыргыз Республикасын таза суу менен камсыздоо ... 9

§2. ТАЗА СУУ ЖАНА САНИТАРИЯГА УКУКТУН АБАЛЫ........................................... 12

2.1 Аймактарды таза суу менен камсыздоо.. 15

2.2 Санитарияга укук...................................... 23

§4. ТАРИФ САЯСАТЫ.................................... 26

§4. ЖЫЙЫНТЫК............................................. 27

§5. СУНУШТАМАЛАР.................................... 28

КЫСКАРТУУЛАР ТИЗМЕСИ ........................ 29

ТҮЗҮҮЧҮЛӨР.........................................................30





Суу менен өмүр ажырымсыз түшүнүктөр, анткени, суу бар жерде жашоо бар. Адамзат суунун чектелгенин аңдап, ага айар мамиле жасашы ылаазым. Түпкүлүгү сууну эч нерсе менен алмаштырууга мүмкүн эмес, биздин жашообуз анын касиет, кутуна көз каранды. Акыр түбү антип келип суугa болгон шарт, мүмкүндүк адам укугунун өзөктүү түркүгү.

Кыргызстан - суу башында. Байыркы кыргыз тек жеринен «эл башы болгончо суу башы бол» дебеген. Кокту-колотту кытыгылай аккан дарыя-булактар ак кар, көк муздуу асман тиреген тоолордон башат алып, мамлекетибиздин күрөө тамырындай

кан жүгүртүп турган чагы. Суу менен бизге эле эмес, Борбор Азиянын миллиондогон элине жашоо берип келет. Турмушта ага карабай сууга жетпеген айылдар арбын. Атургай борбор калаа Бишкектин айланасындагы жаңы конуштардын тургундары деле таза сууга жетпей, зар боло жашап келишет.

Бул докладды демилгелеп, өкмөт башта ган тийиштүү мамлекеттик оргaндардын көңүлүн буралы деген максатта даярдадык. Айтыла келген маселе, максат – ошол дартка даба табылып, тийиштүү тараптар ыраатту иштеп, сууга бай мамлекеттин эли таза суу менен текши камсыз болсо деген тилек.

**Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) Оторбаев К.Т.**



# §1. АЛГЫ СӨЗ

## 1.1 ПРОБЛЕМАНЫН АКТУАЛДУУЛУГУ

Биздин мамлекеттин көпчүлүк айыл-кыш тактарына суу куурлары совет заманы маа лында төшөлгөн, эми алар керектен чыгып, тешилип, бузулуп жаткан чагы.

Бийликтер тарабынан элди таза суу менен камсыздоо боюнча бир катар аракеттер иштер жасалып жатат, атап айтканда, өкмөт Кыргыз Республикасын таза суу менен кам сыздоо боюнча 2016-жылга чейинки Стра тегияны карап, кабыл алды[2]. Ага карабай республикалык казынадан бул иштерге каражат жетиштүү каралбай келатат.

Айыл-кыштактардагы алигидей контраст ташпиштер социалдык-экономикалык өнүгүүгө кедерин тийгизип, чыңалуу менен келишпестиктердин очогуна айланып, акыры барып келип мамлекеттин

жалпы коопсуздугуна коркунуч туугузушу ыкты мал. Анткенинин себеби акыркы 25 жылда айтыла келген маселени чечүүдө чоң секирик жок, болсо да анын натыйжасы элге тегиз билине элек. Көп маселелер, атап айтканда, өзөктүү инфраструктура тегиз эле баардык жерде курулган жок, анын зарылдыгын Акыйкатчы Институту 2014-2015-жылдардагы докладдарында
жана бейөкмөт уюмдардын отчетторунда дайыма айтыла келген, массалык маалы мат каражаттарында унутулбай чагылды рылып келет.

Бул айтылган маселелердин чечилиши Экономикалык, социалдык жана мада ний укуктардын эл аралык пактысынын (ЭСМУЭП) талаптарын аткаруунун алка гында Кыргызстандын ар бир жаранынын укуктарын коргоодогу мамлекеттин өзүнө алган милдеттемелерин аткаруудагы зарыл иштердин бири[3].

2002-жылдын ноябрында Бириккен Улут тар Уюмунун Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитети жетиштүү көлөмдө таза суу менен кам сыздоо - аны тамак-ашынабы же турмуш тиричилигине пайдаланабы – айырмасы жок - ар бир адамдын жалпы өзөктүү адамзаттык укуктарынын бири экенди гин бекемдеген. Экономикалык, социал дык жана маданий укуктардын эл аралык пактысынын (ЭСМУЭП) 11-жана 12-бере нелерин турмушка ашыруу боюнча № 15 тескемеде Комитет «сууга болгон укук адамдын ар-намысын сактоодогу милдеттүү шарттардын бири болуп эсеп телет. Бул укук адамдын башка укуктарын турмушка ашыруудагы негизги бир шарт тын түпкүлүктүүсү болуп эсептелет», деп белгилеген.

1 Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпиде миологиялык көзөмөл департаментинин директору Т.Исаков менен интервьюдан.
Караңыз:
http://www.vesti.kg/index.php?option=com_k2&view=item&id=43139&Itemid=80#ixzz4p3Bo7P8V 2 Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2016-жылдын 28-мартындагы №155 токтому.
3 БУУнун комитетинин жалпы тартиптеги эскертмеси – адам укуктары боюнча эл аралык келишимдерге ылайык бекитилген норма ларды юридикалык жактан чечмелөө.



Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы нын (Омбудсменинин) колуңуздагы бул доклады[4] аталган көйгөйлөрдү чечүүгө көмөк көрсөтүү максатында, ошондой эле, Кыргызстанды суу менен, санитария менен камсыздоо жаатындагы абалды карап жаткан мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишиндеги артыкчылыктуу багыттарды аныктоо үчүн даярдалды.

Докладда улуттук мыйзамдарга анализ, ошондой эле, иликтөөнүн, текшерүүлөрдүн жыйынтыктары камтылды.

## Доклад үч бөлүмдөн турат.

Биринчи бөлүмдө темага киришер маалы мат бар, ал маалыматтарды чогултуу маа лындагы методологияга баянды; суу менен камсыздоо абалына байланыштуу мате риалдарды; Кыргыз Республикасы БУУнун комитеттери, анын катарында БУУнун Адам укуктары боюнча Кеңешинин алка гында өзүнө алган милдеттемелерди жана сунуштамаларды аткаруу жана эл аралык стандарттарды сактоо иштерине анализ[5], ошондой эле, маселени чечүүдө эл аралык кеңеш-сунуштарды алуу маселелери кам тылды.

Экинчи бөлүмдө мамлекеттик органдар дан алынган маалыматтар, ошондой

эле, Акыйкатчы институтунун кызматкерлери нин иликтөөсү берилди. Ошондой эле, бул

кенемте-кемчи ликтерди ондоо-кошумчалоо пикирлери берилди.

## 1.2. ЖАРЫККА ЧЫККАН МАТЕРИАЛДАРГА БАЯН

бөлүмдө Кыргыз Республикасынын мый замдарында, нормативдик укуктук акты ларында адамдардын таза сууга болгон укугун сактоонун натыйжалуулугу каралды.

Жыйынтыктоодо суу менен, санитариялык камсыздоо стратегиясын иштеп чыгып, аны турмушка ашырууга ылайык келе турган сунуштамалар берилди. Ошондой эле, мыйзамдардагы айрым

Омбудсмен Институту жарыкка чыккан материалдарды аларды кайталап калбоо максатында, ошондой эле, Кыргыз Рес публикасында суу менен камсыздоону жакшыртуу стратегиясын иштеп чыгуу маалында керек болуучу проблемаларды аныктоо максатында таанышып чыкты.

Жалпы жонунан жарыкка чыккан материал дарды шарттуу түрдө мындай бөлсө болот:

4 Атайын доклад «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» мыйзамдын 11-беренсинин 7-пунктуна ылайык даярдалды.

5 Бириккен улуттар уюмунун (БУУ) келишимдик органдары – БУУнун Комитеттери – Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын, Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пакттын, Эмгек мигранттарынын жана алар дын үй-бүлө мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо боюнча конвенциянын, Балдардын укуктарын коргоо жөнүндөгү конвенциянын жана башка эл аралык келишимдердин негизинде түзүлгөн.



- *Суу менен камсыздоодогу көйгөйлөр, көрүлүп жаткан чаралар, бейөкмөт уюмдарынын иштери тууралуу ММКдагы материалдар;*

- *Суу менен камсыздоо системасын жакшыртуу жана эл арасында өз ара жардам топторун түзүү жаатында бейөкмөт уюмдар тарабынан иште лип чыккан Стратегиялык пландар жана программлар.*

- *Жарандардын таза сууга болгон укук тары боюнча бейөкмөт уюмдар менен илимий институттардын макала лары жана мониторингдеринин жый ынтыктары;*

- *Башка проблемалар менен катар элге маанилүү делген маселелерди көтөргөн БУУга берилген альтерна тивдик докладдар.*

## 1.3. ИЛИКТӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

- *Омбудсмен Институтунун кызмат керлеринин аймактарды кыдыруу маалында эл менен сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыктары;*

- *Бишкек шаарынын жана өлкөнүн*

*башка аймактарынын тургундары менен, ошондой эле, суу менен кам сыздоо жаатында иштеп келаткан бейөкмөт уюмдар менен консульта цияларды өткөрүү маалында алынган маалыматтарды топтоп, анализдөө;*

• *Омбудсмен Институтунун кызмат керлеринин иш сапарлары маалындагы байкоолордун анализи.*

Ошондой эле экинчи баскычтагы маа лыматтар дагы топтолуп, анализденди,

6 Адам укуктары боюнча жалпы декларациянын 22-беренеси.

аларга – мамлекеттик мекемелердин, бейөкмөт уюмдардын мурда жарыяланган иликтөөлөрү жана отчеттору, ошондой эле, калкты таза суу, санитария менен камсыз доо максатында көрүлүп жаткан чаралар тууралуу Акыйкатчынын сураган маалы маттарына берилген жооптор кирет.

Бул иликтөөнүн алкагында тандалып алын ган анализдин рамкасы экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жаатын дагы эл аралык стандарттарга ылайыкташ тырылып, ар бир адамдын жеткиликтүү бакубат жашоосунун деңгээлиндеги түпкүлүктүү элементтерине

багытталды. Алардын аткарылышы болсо адам турму шунун базылык шарттары менен талапта рын камсыздоо менен бекемделген.

Мындан тышкары аталган укукту майнап туу коргоо предметинин көз карашы менен кабыл алынган мыйзамдар дыкат анализге алынды

## 1.4. ЭЛ АРАЛЫК МИЛДЕТТЕР

Экономикалык, социалдык жана мада ний укуктар жөнүндөгү эл аралык пактта сууга болгон укук тууралуу түз айтылган эмес. Ага карабай сууга болгон укук адам парасатын ар намыстуу кармоого болгон укуктун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелип, саламаттык сактоого болгон укукка тарам
даш. 2002-жылы ноябрда БУУнун экономи калык, социалдык жана маданий укуктар



боюнча комитети «сууга болгон укук адам жашоосунун анын ар намыстуу парасатын сактап, турмуш өткөрүүсүнүн эң зарыл шарты. Бул укук адамдын башка укуктарын жүзөгө ашыруусунун ажырымсыз бөлүмү болуп эсептелет», деп билдирген эле.

Кыргызстан Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча эл аралык пактынын катышуучусу катары

ар бир адамдын жана анын үй-бүлөсүнүн өзүнө тамак-аш, кийим-кече жана турак-жайды камтыган жетишээрлик жашоо деңгээлине укуктуу. Ал укукту колдонуу менен жашоо шартын дайыма жакшыртып туруусу да зарыл (11-берене, 1-пункт).

«Озүнө катыйт» дегенде, демек, бул укукту андан ары кеңейтүүгө болот деген кеп. Сууга болгон укук парасаттуу жашоо деңгээлин камсыздоочу кепилдиктердин категориясына кирет, так айтканда, жашоо

шарттын негизин түзгөн базалардын бири болуп эсептелет. Суунун жана санитария нын коопсуз ресурстары адамдын жашоо сун камсыздап, ден соолугун калыбында кармап туруучу мааниге ээ; алар баардык адамдардын ар-намысы үчүн өзгөчө маа ниге ээ.

Кризис маалында түзүлгөн мындай жагдай дан чыгуу үчүн эл аралык коомчулук таза сууга жана санитарияга жетүү иши адам укуктарынын контекстинде каралышы керек экенин барган сайын андап сезүүдө. Мындай акы тууралуу атап айтканда, Балдардын укугу тууралуу конвенцияда, Алдарга карата кемсинтүүлөрдүн баардык формаларын жоюу тууралуу конвенцияда жана Инвалиддердин укуктары жөнүндө конвенцияда түз айтылган.

## 1.5. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ТАЗА СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДООНУН АБАЛЫ

Бул программа суверендүү Кыргызстан дын тарыхындагы калкты таза суу менен камсыз кылуу максатындагы алгачкы доку мент болуп калышы керек эле. Бирок ал өкмөттүн 2016-жылдын 17-февралында чыгарган №75 токтомуна ылайык жокко чыгарылып, өз күчүн жоготту. Андан кийин Кыргыз Республикасын калктуу пункта рын 2016-жылга чейин ичүүчү суу менен камсыздоону өнүктүрүү боюнча Стратегия иштелип чыккан, анын алкагындагы талап кылынган сумма - 24 млрд. 745 млн. 244 миң сом.

Айта кетүү керек – акыркы жылдарда эл аралык донорлор Кыргызстандагы таза суу системасын калыбына келтирип, оңдоп түзөө иштерине деп көптөгөн каражат тарды бөлүшкөн. Алсак, 2001-жылы «Таза суу» долбоору ишке кирген. Анын алка гында биринчи этап үчүн Азия өнүктүрүү банкы жана Дүйнөлүк банк 69,5 млн доллар бөлүп беришкен. Ал эми экинчи этабында 2009-2014-жылдары 21,5 млн. доллар каралды. Анын натыйжасында «Таза суу» долбоорунун алкагында 545 айыл дын эли таза суу менен камсыздалган[7]. 2001-2014-жылдары миллиондогон доллар акча бөлүнгөнүнө карабастан долбоордун алкагындагы айылдардын жарымында суу чыккан эмес.[8]

7 2018-жылдын 24-январында «өкмөттүк саат» маалында вице-премьер министр Д.Кенекеевдин Жогорку Кеңеште сүйлөгөн сөзүнөн.

8 Караңыз: https://rus.azattyk.org/a/28050430.html



Текшерүүлөр көргөзгөндөй тендер өткөрүү маалында жана курулуш иштери жүрүп жатканда акча актоо максатында корруп циялык схемалар колдонулганы белгилүү болду. Ошондон улам Азия өнүктүрүү банкы долбоордун алкагында андан ары каражат берүүгө каршы болуп, 30 млн. долларды бөлүүнү токтотуп койгон. Ал проблема алигүнчө чечилбеген бойдон калууда.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокура турасынын маалыматы боюнча, «Таза суу» долбоору башталгандан тартып прокура тура органдары тарабынан бир канча ирет текшерүүлөр болгон, анын натыйжасында 3 протест, 21 эскертүү (представление), ченемдик укуктук актыларды бузууну жоюу боюнча 10 мүнөздөмө (предписание), мый замды бузууга жол бербөө тууралуу 10

эскертме (предостережение) киргизилген. Ошондой эле, каражаттарды максатсыз пайдаланган фактылардын негизинде 26 кылмыш иши козголуп, анын 19у тергөөнүн жыйынтыктары менен сотко ашырылып, алардын негизинде судтялар тарабынан тиешелүү сот актылары чыккан.

Тергөө маалында кылмыш-жазык мыйзам дарына ылайык 4 кылмыш иши жабыл ган (анын экөө – реабилитацияланбаган негизде, дагы экөө – реабилитациялык негизде), токтотулганы – 2 (анын бири сот тарабынан, бирөө тергөө тарабынан), учурда бир кылмыш иши тергелип жатат. Кылмыш иштеринин алкагында мамле кетке келтирилген зыяндын өлчөмү – 6 372 251 сом, анын баары казынага кайтарыл ды.[9]

Мындан тышкары Эсептөө палатасы нын маалыматы боюнча[10], бюджеттик каражаттардын чоң көлөмү майнапсыз колдонулган, ошондон улам курулуп же оңдолуп, пайдаланууга берилген суу куур лары системасы иштен тез эле чыгат, анын аркасында болсо мамлекеттик ар кандай органдарга арызданган адамдардын саны көбөйүүдө.

9 Башкы прокуратуранын жообу, Чыгыш №11/1-3, 15.11.17. 10 Эсептөө палатасынын жообу, Чыгыш №01-15/1477, 09.11.17. 11 Эсептөө палатасынын маалыматы 09.11.17. Чыгыш №01-15/1477.

Маселен, Ош облусундагы Белькайрагач долбоорунун алкагында 13,1 млн сомдук жумуш аткарылмак, анын 11,5 млн сомун Азия өнүктүрүү банкы бөлгөн, бирок, ишти токтотуу тууралуу чечим кабыл алынган. Себеби суу куурларын тартууга элдин да үлүшү болушу керек эле (жалпы долбоор алкагында кабыл алынган чечим боюнча – жергиликтүү калк дагы долбоорго өз үлүшүн кошуусу каралган), 15% түзгөн 2,2 млн. сом эл тарабынан (суу пайдалануу чулардын айылдык коомдук бирикмеси) топтолгон эмес. Анын үстүнө суу куурунун бир бөлүгү геологиялык жана рельефтик ыңгайсыз оор жерлерден өтүп, күз-кыш мезгилинде тейлөөгө оорчулук жаратат.

Бул өңүттөн алганда аталган суу кууру толук курулган күндө да аны толук колдо нуу мүмкүнчүлүгү болбогондуктан андан ары да маселе чыга бермек. Мындан тышкары, башкы суу чогултуучу тосмолду куруучу жерди тандоодо дагы суунун жыл мезгилине карата тартылып, байып тур ганы жана дарыянын нугу дагы эске алын ган эмес. Ушундан улам суу тосмолун тоо бооруна беттетип, бийигирээк жерге куруу чечилген, бирок, ага дагы 2-3 млн. сом кошумча каражат керектелмек. Ушул факторлор эске алынгандан кийин бул суу куурун куруу токтотулуп, сууну Бел Кайрагачтын ичиндеги скважинадан алуу керектигине токтошкон.

Жогорудагы мисал көргөзгөндөй айрым долбоорлорду куруу иштери деталдуу плансыз, дыкат иликтөөсүз эле башталып кетип, анын аркасында 11,5 млн. доллар лык кредиттик каражаттар майнапсыз пай даланылган.[11]

Эсептөө палатасынын Акыйкатчы Инсти тутуна берген жоопторун анализдей кел генде долбоорлук чечимдер тийиштүү техникалык иликтөөлөрсүз жана негиздер сиз кабыл алынып, ал болсо негативдүү залакаларга алып келген.

№01-15/1477. 13 Эсептөө палатасынын маалыматы, 09.11.17. Чыгыш №01-15/1477.

Масштабдуу «Таза суу» долбоорунун алка гында чет элдик донорлордун кредиттери менен гранттарынын аркасында Кыргызс тан боюнча жүздөгөн айылдар таза суу менен камсыздалышы керек эле. Бирок, 2013-жылы анын иши токтотулган, себеби, негизги донордун бири – Азия өнүктүрүү банкы каржылоону токтотуу тууралуу чечим кабыл алган.

«Финансылык каржылоону токтотуунун негизги себеби – банктын коррупцияга каршы күрөш жана ак ниеттүүлүк кеңсеси бүтүм чыгарды, ага ылайык кеңсе сатып алуулар маалындагы одоно мыйзам бузуу ларды тапкан, курулуш иштеринин жана жабдуулардын сапатынын критерийге жооп бербегенин аныктап, долбоордун каржылык башкаруусунун чабалдыгын белгиледи», - деп айтылат банк тараткан пресс-релизде.

Белгилеп коё турган нерсе – долбоор дун алкагында мерчемделген максаттар өтөөсүнө чыккан эмес. 2005-жылы Азия өнүктүрүү банкы долбоордун масштабын кыскартууну чечкен, ал болсо өз кезегинде анын андан аркы сапат-мазмунуна залака сын тийгизди. Кыскартуулардын аркасында долбоордун төмөндөгү компоненттери алып салууга туура келди:

- шаар тургундарын суу менен кам сыздоо;
- шаардагы канализация жана сани тария системасын реабилитация лоо;
- айыл жергесиндеги суу менен жабдуу жана жаан-көчкүдөн коргоо системасын жакшыртуу;
- айыл жергесиндеги жолдор жана санитардык курулуштар;

Натыйжада, долбоор алкагында айыл жерин суу менен жана санитария менен камсыздоо компоненти гана калды. Кийин черээк акчанын тартыштыгынан улам айыл жергесиндеги санитария курулуштарын жамааттардын күчү менен бүтүрүүгө туура келген.[12]

Эл аралык донорлор жардам беришинин милдеттүү бир шарты жергиликтүү эл 5% акчаны өзү чыгарып, кошуусу болгон.

Коррупциянын айынан жана башка себеп терден улам көп айылдар таза суу менен камсыздоо программасына кошулбай калышкан.

Омбудсмен институтунун кызматкерле рине Чүй облусунун Аламүдүн районун дагы Беш-Күнгөй айылынын тургуну М.М. мындай маалымат айтты: «Биздин айыл дан суу чыгаруу үчүн деп бизден бир нече ирет акча чогултулган. Акча желип кетти, суу болсо дагы эле жок. Акча каякта экенин, кайсы эсепте жатканын, буга ким жооп берерин эч ким билбейт».

Кыргыз Республикасынын 1999-жылы кабыл алынган «Ичүүчү суу жөнүндө» жана 2001-жылы кабыл алынган «Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу жана жергиликтүү мам лекеттик администрация жөнүндө» мый замга ылайык таза суу менен элди камсыз кылуу жергиликтүү бийликке жүктөлгөн. Ал эми республикалык деңгээлде азыркы учурда калктуу конуштарды борборлош турулган ичүүчү суу менен камсыздоону өнүктүрүү милдетин Кыргыз Республика сынын өкмөтүнүн алдындагы архитектура, курулуш жана турак-жай, коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин алдын дагы ичүүчү таза суу менен камсыздоо департаментине (мындан ары – департа мент) алып барат.

12 Эсептөө палатасынын маалыматы 09.11.17. Чыгыш

# §2. ИЧҮҮЧҮ ТАЗА СУУГА ЖАНА САНИТА РИЯГА УКУКТУ ТУРМУШКА АШЫРУУ ДАГЫ ПРОБЛЕМАЛАР

Кыргыз Республикасынын Конституциясы адам өмүрү менен ден соолугуна зарыл болгон жагымдуу экологиялык чөйрөгө болгон укукту кепилдейт (48-берененин 1-б).



## Ичүүчү суу менен камсыздоонун негизги принциптери[14] төмөндөгүлөр:

- *жарандардын турмуштук керектөө лөрүн жана ден соолугун коргоонун талаптарын канааттандыруу мак сатында таза суу менен биринчи кезекте камсыздоонун мамлекеттик кепилдиктери;*

- *ичүүчү суу менен камсыздоодогу мамлекеттик көзөмөл жана баш каруу, суу менен камсыздоого жооп кер уюмдардын аткаруу бийлигинин жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары алдындагы, ошондой эле, мамлекеттик көзөмөл, жарандык кор гонуу, өзгөчө кырдаалдар органдары нын алдындагы отчеттуулугу;*

- *Кыргыз Республикасынын аймагын дагы бирдиктүү стандарттарга жана нормативдерге негизделген техно логиялык өзгөчөлүктөрдү жана суу менен жабдуунун булактарын тан доону эске алуу менен ичүүчү таза суу системасын коопсуз, ишенимдүү жана ийкемдүү башкарууну камсыздоо;*

- *Таза суу менен камсыздоодо жер алды нан чыккан сууларга артыкчылык берүү;*

- *Ичүүчү суунун эсебин алуу жана ага акы алуу;*

- *Ичүүчү сууну камсыз кылуу максатында жабдууларды чыгаруу, алып келүү, материалдар менен камсыз кылуу иштерин мамлекеттик колдоого алуу, ошондой эле, сууну таза кармоо мак сатында колдонулуучу химиялык реа генттер менен камсыздоо;*

- *Ичүүчү суу менен камсыздоо система сын жашоого зарыл объекттердин катарына кошуу;*

Жашаган жерлеринде элди ичүүчү таза суу менен камсыздоодо борборлоштурулган жана борборлоштурулбаган системалар аркылуу камсыздоо маанилүү иш болуп эсептелет.

Булактардын булганганына байланыштуу сууну тазалоонун салттуу технологиялары көпчүлүк учурларда майнаптуу эмес. Суу берүүгө даярдыкка реагенттердин жетиш пестиги жана суу станциялары автомат тар жана көзөмөл аспаптары менен аз камсыздалышы терс таасирин тийгизүүдө. Анын үстүнө суу куурларынын ичи корро зияга учурап, чирик басып, ал аркылуу агып келген суунун сапатын төмөндөтүүдө.

Ичүүчү сууну мамлекеттик башкарууну жана көзөмөлдү мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык кызматтар суу фонду сун пайдалануучу жана коргоочу фонддор менен биргеликте жүргүзүшөт. Ал эми борборлоштурулган системадан колдонул ган суунун эсеби турак-жай-коммуналдык чарба кызматтары тарабынан такталып турат.

Суу менен калкты камсыздоону өнүктүрүү ошол аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү планынын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Ичүүчү суу менен камсыздоонун борборлоштурулган жана борборлоштурулбаган системасын дол боорлоо, куруу жана кайра ондоо иштери аймактарды өнүктүрүүнүн башкы планда рынын эсептелген көрсөткүчтөрүнө ылайык курулуш ченемдерин жана эрежелерин, мамлекеттик стандарттарды, санитардык эреже, ченемдерди эске алуу менен ишке ашырылышы зарыл. Ага улай суу система лары табияттын күтүүсүз кырсыктарына жана техногендик катаклизмдерге (жер көчкү, суу каптоо, суунун соолушу ж. б.) туруштук бергидей туруктуулукту камсыз дашы шарт.

Кыргызстандын айыл жеринде жашаган калктын 40% жакыны талапка жооп бер гидей деңгээлде ичүүчү таза суу менен камсыздалган эмес. Айрыкча борборлош турулган суу менен камсыздоо тутумда-

14 Кыргыз Республикасынын «Таза суу жөнүндө» мыйзамынын 3-беренеси, №33, 25.03.99.



рынын объекттеринин абалы оор бойдон калууда.

Бишкектен алыс жайгашкан шаарларда жана райондун борборлорундагы иштеп жаткан инфраструктуранын эскириши нен улам суу тутумдар системасына мүмкүнчүлүк жыл сайын 1,5-2% кыскаруу да[15].

Жогоруда айтылгандай, көпчүлүк айыл дардагы суу менен камсыздоо тутумдары совет бийлиги маалында курулгандыктан алар азыр дээрлик иштен чыгууда.

Азыркы тапта өлкөнүн жалпы калкынын 40%ы ичүүчү таза сууга жетпей, арык, дарыя, алыш, булактардан ичишет, айрым дары болсо машина менен ташып келген сууну алышат[16]. Мамлекеттик казынада болсо суу инфраструктарасын жакшыр тууга жумшоого каражат тартыш.

Ошентип суу менен калкты камсыздоо жаа тында чечилбеген маселелер көп бойдон калууда:

- *Өлкөнүн суу тутумдар системасы жалпысынан техникалык дагы, морал дык дагы жактан эскирди, ага жараша, суунун сапаты стандартка жооп бер бейт;*

- *Кыргызстан калкынын 21%ы гана бор борлоштурулган канализация систе масы менен жабдылган.*

- *Алыскы шаарлардагы суу тутумдар системасы же толук капиталдык ремонтко муктаж, же баарын кайра куруп чыгуу керек. Айылдардагы има раттардын 3%ында гана суу тутум дар системасы бар, алар мектептер менен медициналык борборлор[17];*

- *Өлкөдө 1394 суу булактары колдо нулат, анын 159у (11%) ачык асман алдындагы суулар болуп эсепте лет. Республика боюнча 1133 суу түтүктөрү (суу куурлары) бар. Алар дын 348и (30,7%) санитардык-гигиена лык нормаларга жооп бербейт, анын ичинен 153 суу куурунда (45%) санитар дык кайтаруу талапка ылайык эмес. Ал эми 188 (53%) суу куурунда зыянсыз дандыруучу жабдуулар же таптакыр жок, же болбосо жарактан чыккан, 28 суу түтүгүндө болсо тазалап-дары лоочу жайлары курулбагандыктан, таптакыр эле жок.*

- *Суу бөлүштүрүү тармактарынын техникалык абалы жыл өткөн сайын начарлоодо. Бул суунун микробдорго чалдыгып, химиялык булгануусуна алып келүүдө.*

- *Акыркы жылдарда суу менен жабдуу жана сууну тазалоо тармагында эмгектенген адамдардын саны азайууда. Бул болсо жогорку жана атайын окуу жайларын бүткөн жаштардын эконоимкалык бул тармагына кызыкпаганына, ошондой эле, жогорку чеберчилиги бар адистерди өзгөчө мамлекеттик сектордо кармап калууга каражаттын тартыштыгы менен, мурдагы адистердин улгайуусу менен түшүндүрүлөт. Буга улай суу менен камсыздоо сектору мыкты профессионалдарды айыл жергесине чакырып, жашатып, иштетүүдө кыйынчылыктарга учуроодо, анын үстүнө, жалпысынан канализация чарбасында иштөө жаштар үчүн дале болсо жакшы жумуш деп эсептелбей келет.*

15 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын ичүүчү таза суу менен камсыздоо жана суу тутумдарын өнүктүрүү стратегиясы.

16 Кыргыз Республикасынын Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги (ЖӨИА - АРИС) жүргүзгөн иликтөөлөрдүн жыйынтыгына ылайык.

17 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарын ичүүчү таза суу менен камсыздоо жана суу тутумдарын өнүктүрүү стратегиясы.



## 2.1. АЙМАКТАРДЫ ТАЗА СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДОО

### – Нарын облусунда

135 айыл бар. Анын жыйырма экиси ичүүчү таза суу менен камсыздалган эмес. Мындан тышкары дагы 22 айылдагы суу камсыздоо тутумдары ремонтко муктаж[18].




Омбудсмен Институтунун кызматкерлери Нарындын 3 айылын кыдырышты – Алыш (94 түтүн), Кеңеш (125 түтүн) жана Дөбөлү (514 түтүн). Бул айылдарда 2005-жылы совет убагындагы түтүктөр «Таза суу» долбоорунун алкагында алмаштырылган экен. Бирок, төшөлгөн ал түтүктөр сапатсыз, анын үстүнө, кичинекей диаметрде. Кийин бузулуп, жарылганынан казып, карашса айрым жерлерге эски эле түтүктөрдү сырдап, майлап туруп кайра жатказып кой гону билинген. Бул тууралу айыл тургун дары жана жергиликтүү суу каналынын жетекчиси Жалый Абдыканов билдирди.



*Иче турган суу. Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Кызыл – Суу айылы*

18 Өкмөттүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн маалыматы, чыгыш №03-05/722, 19.04.2017





**– Талас облусунда** 91 айыл, 1 шаар бар. Таза сууга 36 айыл муктаж. Анын ичинен: Талас районундагы 15 айыл, Бакай-Атадагы 5 айыл, Кара-Буура районундагы 8 айыл, Манас районунунда 8 айыл[19].




**– Ысык-Көл облусунда**
176 айыл бар. Анын он жети айылы таза сууга жетпейт. Мындан тышкары 84 айыл дагы ичилип жаткан суу талапка жооп бер бейт[20].

19 Өкмөттүн Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн маалыматы, чыгыш №08-17-15/705, 12.04.2017
20 Өкмөттүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн маалыматы, чыгыш №3/7-858, 10.04.2017



ЖАРАНДАРДЫН ИЧҮҮЧҮ ТАЗА СУУГА ЖАНА САНИТАРИЯГА УКУГУ




Булан-Сөгөттү айылында дагы суу масе леси чечилбеген бойдон калууда. Айыл дын эли сууну «Аврора» пансионатынын резервуарынан алышат, бирок, жай келип, туристтер көбөйгөн маалда суу азайып, кыйынчылыктар башталат. Ошондой эле Ысык-Көл районунун Семеновка айылында дагы суу проблемасы бар. Айыл тургун дарынын айтымында, күн сайын кечки 18.00ден токтогон суу

эртең мененки  8-9да гана берилет. Ошондон улам айыл дыктар сууну чака-чайнектерине толтуруп  алышат.



Суу тартыштыгы ушул эле райондун Кызыл Суу айылында да бар. Кудуктагы суу менен чоргоодон чыккан суу кир болгондуктан аны ичүү кыйын, өзгөчө жаандан кийин. Эл аны өз алдынча тазалап, тундуруп ичет (сүрөттө).

Анын үстүнө суунун басымы жакшы болбогондуктан жайында жылжып эле чыгат. Эл сууну челек-чакага чогултуп алышат. Бул айылдын эли дагы жергиликтүү бийликке наразы.

## – Баткен облусунда

191 айыл бар, анын сексен беши (45%) таза суудан жетпейт[21]: Баткен районунунда – 19, Кадамжайда – 56, Лейлек районунда – 9, жана Кызыл-Кыя шаарында суу тартыш.



Мындан тышкары жер көчкүдөн улам дагы 16 айылда суу түтүктөрүн капиталдык ремонттон өткөрүү зарыл.

Омбудсмен Кубат Оторбаевдин иш сапары маалында Баткен облусунун тургундары тарабынан сууга байланыштуу суроолор көтөрүлдү. Эсеби маселен, жаз-жай айларында жер көчкүдөн улам шаардык суу топтоочу жай булгангандыктан суу берүү улам-улам токтойт, мындай маалда шаар тургундары да, мамлекеттик мекемелер

21 Өкмөттүн Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн маалыматы, чыгыш №13-03/759, 04.04.2017.



дагы санитардык нормаларга туура кел беген сууну челек, чакага толтуруп алууга мажбур.

Суу токтотмой жаан жааган учурда да кездешет, себеби, суу тазалоочу жай иштебегендиктен крандан ылай суу агат, идиш-аякты мындайда арыктагы сууга жжуп-чайкаганга туура келет.

Мунун баары облус аймагында инфекция лык жана ичеги-карын ооруларынын жайылып, өсүшүнө алып келүүдө, бул болсо өз кезегинде облус элинин эле эмес, жалпы улуттун генофондуна терс таасирин тийгизүүдө.

Баткендин Чоӊ-Талаа айылынын Төрт-Гүл аймагында айыл элине суу үзгүлтүк менен берилет, айрым учурда суу аптасына 4 күнгө чейин жок болуп калат, суу чоргоо
лору болсо эбак эле керектен чыккан.
Айыл жашоочулары менен сүйлөшкөн маалда суу суткасына 3-4 сааттан гана берилээри билинди, андыктан сууну атайын челектерге толтуруп алышат. Эл суу алыш үчүн бир топ жол басып, дарыя, булакка жетишет.

Төрт-Гүлдө ошондо эле мамлекеттик суу топтоочу жай жок, суу менен жеке менчик ээси камсыздагандыктан ичүүчү суу менен камсыздоо жана тариф «саясатына» мам
лекет таасир тийгизе албайт.

**– Жалал-Абад облусу**

боюнча – Тогуз-Торо районунда – 17%, Аксы районунда – 30,8%, Ала-Букада – 36,5%, Майлы-Суу шаарында – 63% суу жабдуу тутумдары жана канализация системасы керектен чыккан же таптакыр эле жок. Ошондон улам ич келте оорулары нын 70-86%ы Майлуу-Суу шаарына жана Ноокен районуна туура келет.



## – Ош облусунда

250 калктуу пункт бар, анын 227синде жашаган 464 миң адам иче турган таза сууга таңсык[22].

Араван районунда таза суу менен элдин 85%ы камсыз болгон, бирок, 800 киши жашаган Керки-Дөң айылында суу тапта кыр жок.

Кара-Суу районунда калктын 88,4% таза суу менен камсыздалган, бирок, Социа лизм айылында 2015-жылы гана жаңы суу түтүктөрү төшөлдү делген менен алар тешилип калгандыктан жыртылган жерле ринен суу агып калууда.

Өзгөн районунда элдин 80% таза сууга жеткен. Бирок, Бостон айылында скважина бургуланган, бирок, эл салык төлөбөгөндүктөн суу өчүрүлгөн, натыйжасы – эл суу алыш үчүн 3 чакырым алыска катташат, анын үстүнө, суу санитардык эпидемиологиялык талаптарга жооп бербей, мындан болсо инфекциялык оору лар көбөйүүдө.

Кара-Кулжа районундагы 49 айылдын отузу таза суу менен камсыздалган, Чоң-Алайда болсо айылдардын 23,5%ында гана суу маселеси толук чечилген.

Иче турган суу Ош шаарынын Кирпичный жана Южный деп аталган райондорунда курч бойдон сакталууда, бул чөлкөмдөрдө суу саатка ченелип берилет же болбосо бир күнү берилип, эки-үч күн берилбейт.



## – Чүй облусунда

таза суу менен камсыздоо болгону 21% гана. Бул өтө төмөнкү көрсөткүчтөрдүн бири болуп эсептелет. 333 айылдын элүү биринин (51) эли таза сууга өтө муктаж.



Жыйынтыктай келгенде – Кыргыз Респуб ликасынын айрым аймактарында адам тур мушунун эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири болуп эсептелген таза суу менен кам сыздоо иши жакшы абалда эмес.

Суу ар бир адамга жетиштүү, үзгүлтүксүз берилиши керек. Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигинин (ЖӨИА - АРИС) иликтөөлөрүнө ылайык Кыргыз

22 Өкмөттүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн маалыматы, чыгыш №03/390, 13.04.2017.

Республикасындагы айыл калкынын 27% гана таза сууну каалаган убакта күнү-түнү пайдалана алат, 37% айыл эли таза сууну сутканын 12 же андан көп сааты аралы гында колдоно алат, ал эми элеттиктердин 36% суткасына сууну 12 сааттан аз убакыт алат, кээ бир учурларда болсо сууну апта нын айрым гана күндөрү алган учурлар бар.

Сууну алыстан ташуу дагы ден соолукка терс таасирин тийгизет, өзгөчө, балдар менен аялдарга бул жумуштун оор түрүнө барабар. Ал физикалык оор жумуштан тыш кары дагы көп убактты алат.

**Бишкек шаарынын** айланасындагы жаңы конуштарды да таза суу менен жабдуу чечилбей келатат. Негизги себеби – ирригациялык тутумдардын жоктугу, болсо да анын начарлыгы. Бул маселе нин маанилүүлүгүн эске алып Акыйкатчы (Омбудсмен) Кубат Оторбаев жаңы конуш тарда жашагандардын укуктары боюнча Атайын доклад даярдоону демилгелеп, ал ишке ашты. Ошол иштин алкагында Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери жаңы конуштардын тургундары менен жолугуп, иш тамырын иликтей келгенде жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары жана мамлекеттик тиешелүү мекеме уюмдар жеткиликтүү иш жүргүзбөгөнү ачыкталды. Эсеби маселен, Бишкектин «Арча-Бешик», «Ак-Ордо» жаңы конушта рынын тургундары Омбудсменге таза суу тартыштыгын айтып, арыз менен кайры лышты.

Бишкек мэриясынын маалыматы боюнча бул аймактарда суунун басымы аз, ошон дуктан, сууну автомашина менен ташып келип берүү уюштурулган.

Суу басымынын начарлыгынын бир себеби болсо – эл огороддорун дал ошол таза суу менен сугарып жаткандыгында.

Ошондой эле, автомашина жууй турган жеке менчик жайлардын, мончолордун, бала бакча, чач тарач, кафе-ресторандар дын да көптүгү жана алардын пландалбай салынып жаткандыгы таза суунун басымы нын аздыгына таасирин тийгизүүдө.



ичеги-карын дарттарына байла

Бишкек шаар бийлигинин жумушчу топто рунун ишинин аркасында ошондой жеке менчик мончо, авто жуучу жай, чач тарач жана башкалардын жыйырма алтысында суу өчүрүлгөн, ошондой эле, иче турган суу менен огородду сугарууга болбостугу эл арасында түшүндүрүлүүдө[23].

Мектептерде дагы таза суу тартыш. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин маалыматы боюнча, өлкөдөгү 63 мектептерде санитардык нор
малар бузулган, окуу процесси болсо 3 сменде жүрүп жатат. Окуучулардын жеке тазалыгы чечилбеген учурлар арбын, мисалы, борбор шаар Бишкекте эле 12 мектептин окуучулары тышта жайгашкан даараткананы колдонушат. Көп балдар сууну мектепке тыштан ташышат.

Ош жана Баткен облустарынын айрым мек тептеринде иче турган суу проблемасы чечиле элек. Анын кесепетинен айрым кал ктуу пункттарда балдар арасындагы оору лардын 61% - 79% учурлары энтеробиоз, аскаридоз, лямблиоз жана гименолепидоз сыяктуу иче турган суу менен жуга турган ооруларга туура келет (Саламаттыкты сактоо жана экспертиза департаментинин маалыматтарына ылайык).

ныштуу жыл сайын 30 миң факты катталат, бул митеге байланыштуу баардык оорулар дын 24% болуп эсептелет[24].

Аталган стратегия Дүйнөлүк банктын «Миң жылдыктын чакырыктары» долбоору нун максаттарына ылайык, ошондой эле, 2013-2017-жылдарда Кыргыз Республика сын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стра тегиясын турмушка ашыруу максатында (Стратегия Кыргыз Республикасынын Пре зидентинин 2013-жылы 21-январда кол койгон № 11 буйругуна ылайык бекитилген) жана Кыргыз Республикасын 2013-17-жыл дарда туруктуу өнүктүрүүгө өтүү програм масынын алкагында кабыл алынган[25].

Стратегия иче турган таза суу менен кам сыздоо жана суу тутумдарын камсыздоо системасын өнүктүрүү жаатындагы негизги багыттарды жана иш-чараларды аныктайт, ошондой эле, анализ жана мониторинг дерди өткөрүү жумуштарын мерчемдейт. Аталган документтин алкагында суу менен жабдуу жаатындагы иштердин сапатын арттыруу, ал жаатта иштеген министрлик, мамлекеттик мекемелер жана өзүн-өзү башкаруу органдарынын келечектеги багыттарын, максаттарын жана функцияла рын аныктоо каралган.

## Кыргыз Өкмөтүнүн таза суу боюнча Стратегиясы

Белгилеп коё турган нерсе «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калктуу пункттарын таза суу менен жабдуу жана суу тутумдар системасын өнүктүрүү стратеги
ясында» (мындан ары – стратегия) да сани тария маселеси каралган. Эсеби маселен, жыл сайын суу менен жуга турган оору дарттарга каршы күрөш иш-чараларына 4,8 миллиард сом керектелээри айтылган. Ал эми оор

2026-жылга чейин аталган Стратегияга ылайык республиканын 425 айылдарын дагы таза суу менен жабдуу системаларын куруп, кайра жаңылоо иштерине 8 млрд. 882 млн. сом каралууда, ал эми 27 район дук борборлордун суу тутумдары система сын жакшыртып, куруу иштерине 4 млрд. 048 млн. сом кетмекчи[26].

23 Бишкектин Ленин райондук администрациясынын жообу, чыгыш №АК03/11-977, 26.07.17.

24 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 28-мартындагы №155 токтому менен бекитилген «2026-жылга чейин

Кыр гыз Республикасынын калктуу пунктарын таза суу менен жабдуу жана суу тутумдар системасын өнүктүрүү стратегиясы» 25 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2013-жылдын 18-декабрдагы № 3694-V токтому. 26 «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калктуу пунктарын таза суу менен жабдуу жана суу тутумдар системасын өнүктүрүү стратегиясы»

ЖАРАНДАРДЫН ИЧҮҮЧҮ ТАЗА СУУГА ЖАНА САНИТАРИЯГА УКУГУ

Стратегияны каржылоо иш-чаралар пла нына ылайык республикалык казынадан жана тышкы донорлор тарабынан – Азия өнүктүрүү банкынын, Дүйнөлүк банктын, Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын, Швейцария Конфедерация сынын экономикалык катнаштар боюнча мамлекеттик катчылыгынын (SECO), Европа инвестициялык банкынын, Ислам өнүктүрүү банкынын, ПРООН, ЮНИСЕФ сыяктуу башка эл аралык уюмдардын акча сына негизделип, каржыланмакчы.

Бул болсо өз кезегинде каржылоого белен долбоорлорду даярдоо жана сунуштоо дон тышкары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарба мамле кеттик агенттигинин алдындагы Иче турган таза суу менен камсыздоо жана суу тутум дарын өнүктүрүү департаментинин кыз маткерлеринин кесипкөйлүгүн чыңдоону жана алардын макамын көтөрүүнү да кам тымакчы.

## 2.2 САНИТАРИЯ

Ушул өңүттөн алганда санитардык кыз маттарга жеткиликтүү жана коопсуз укук сакталбаса калктын саламаттыгын жана курчап турган чөйрөнү коргоо мүмкүн эмес тигин жакшылап терең түшүнүү зарыл.

Кыргызстандын калкын таза суу менен камсыздоо үчүн 1394 суу башаттары бар, алардын 159у (11%) жер үстүндөгү суулар болуп эсептелет. Республика боюнча 1133 суу түтүктөрү бар. Алардын 348и (30,7%) санитардык-гигиеналык талаптарга жооп бербейт, анын ичинен дагы 153үндө (45%) санитардык коргоо зонасынын талаптары сакталган эмес, дагы 188инде (53%) жугуш суздандыруучу же зыянкечтерди өлтүрүүчү жабдуулар орнотулбаган, дагы 28 (8%) суу кууларында тазалоочу жабдуулар систе масы курулган эмес.

Суу бөлүштүрүүчү тутумдар системасынын техникалык абалы жыл өткөн сайын начар лоонун үстүндө. Мындай жагдай түтүк менен келе турган суунун микробдорго жана химиялык зыяндуу заттарга булганы шына негиз болуп берүүдө[27].

Маселен, Майлы-Суу шаарында акыркы 10 жылда 320 ирет, Ноокен районунда 400 жолу ич келте дарты катталды. Анын себеби канализациялык түтүктөр мындан 70 жыл илгери - 1948-1957-жылдары курул гандыктан, алар эскирип, чирип бүтүп, кайра-кайра жарылууда. 1970-1980-жыл дары турак-жай курулуштарынын көбөйүшү менен шаардык канализация тутуму кеңейип, Майлуу-Суу дарыясына жакын жерде канализациялык-курулуш станция ларын жандандырган, анын баарынын иши электр кубаты менен жабдылат.

Электр кубаты өчкөн маалда анын булган ган саркындылары Майлуу-Суу дарыясына төгүлөт. 2002-жылы шаардык мэриянын каражатына Көк-Таш айылына карай ара лыгы 300 метрлик суу кууру төшөлгөн, анын аркасында Майлы-Суу шаарынын Көк-Таш аймагын аз болсо да суу менен камсыздоого мүмкүнчүлүк түзүлдү

Бирок шаардык коммуникациянын антип примитивдүү жол менен колдон чыгарыл ганы (колго казылган септиктер жана хлор жуучу кудуктар) сууну тазалап, дарылоо догу күтүлгөн талаптарга жооп бербеген диктен дале болсо булганган саркынды суулар Майлуу-Суу дарыясына куюлуп, андан болсо Ноокен районунун калкы

27 Ооруларды алдын алуу жана санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл боюнча мамлекеттик департаменттин маалыматы. Чы гыш №08/2-2-641, 03.04.17.



ЖАРАНДАРДЫН ИЧҮҮЧҮ ТАЗА СУУГА ЖАНА САНИТАРИЯГА УКУГУ

нын 30%ы пайдаланып келет, албетте, ал суунун сапаты талапка жооп бербейт.

Жалпылай келгенде анализдер көргөз гөндөй курч мүнөздөгү ичеги-карындын жугуштуу оорулары жалпы жугуштуу пато логиялык оорулар курамында дээрлик алардын жарымын (49%) түзгөн, ал эми 2015-жылы ал 44% болчу. Ошентип, жалпы республика боюнча А жана ОКИ жугуштуу гепатит ооруларынын өсүш тенденциясы сакталууда.

2016-жылы Жалал-Абад облусунда 33 ирет, Баткенде 2 жолу ич келте оорусу катталган, ал эми Ош шаарында бир ирет келтенин тарашы катталган. Негизги эле себеп – таза суунун тартыштыгы[28].
Ушундан улам ар бир жаран өзүнүн жана жакындарынын саламаттыгынын чыңдыгына, айлана-чөйрөнүн жагымдуу лугуна кам көрүүнүн негизги базалык шарт тарынын өзөгү таза сууда жатканын аңдап билиши ылаазым.

Буга байланыштуу суу менен камсыздоо иштеринин ар бир этаптарына эл тарабы нан, тиешелүү мамлекеттик органдар тара бынан тиешелүү көзөмөл өтө маанилүү, андай көзөмөл курулуш иштери долбоор лонуп, башталгандан тартып колдонууга берилип, техникалык тейлөөгө алынган баардык баскычтарында маанилүү.

Адекваттуу санитардык системалардын жоктугу суунун булганышына, анын зала касынан улам жугуштуу жана башка дарт, оорулардын чыгышына алып келет.

Моюнга алуу керек – Кыргыз Республика сында акыркы жылдарда алынган кредит, гранттардын дээрлик баардыгы суу менен жабдуу иштерине жана ремонттоп оңдоо жумуштарына алынган, бирок, суу агын дыларын жакшыртуу жаатына салынган акча аз. Ошондон улам айыл жериндеги баардык объекттер канализация куур лары курулбастан, санитардык-гигиеналык түйүндөр салынбастан эле пайдалану уга берилип кеткен. Ошентип, суу менен жабдуу бар, ал эми канализация-агынды системасы унутта калууда. Мунун баар дыгы барып-келип айыл жергесиндеги жашоочулардын жашоо деңгээлине, сала маттык сактоосуна, өмүр узактыгына кедергисин тийгизүүдө.

28 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 28-мартындагы №155 токтому менен бекитилген «2026-жылга чейин Кыр гыз Республикасынын калктуу пункттарын таза суу менен жабдуу жана суу тутумдар системасын өнүктүрүү



ЖАРАНДАРДЫН ИЧҮҮЧҮ ТАЗА СУУГА ЖАНА САНИТАРИЯГА УКУГУ

кыйынчылык тартып келатышат[29].

Ушундай эле жагдай республиканын калган облустарында дагы түзүлгөн. Мисалы, Тала- ста ичe турган таза сууга төлөмдөрдү чогултууну жылдык көрсөткүчү болгону 27,7%. Мындай абал менен АТСПКБ суу насосторунун эң жөнөкөй оңдоп-түзөө иштерин да аткара алышпайт[30].

Абалдын оорлошуна айыл өкмөттөрүнүн, аталган коомдук бирикме жетекчилеринин байма-бай алмашуусу дагы таасирин тийгизүүдө.

Электр кубаты менен иштеген насостору керектен чыккан тургундар жер жүрөгүнөн чыккан суудан айырмаланып, арык-чөөттөгү сапатсыз, дарт чакыра турган сууларга байланат.

Айта келсе Кыргызстанда ичe турган мөлтүр булак таза суу кенен, бирок, аны элге жеткирүү, акылга салып, адал жана үнөмдүү пайдалануу иши жолго коюлган эмес, коюлса да жасай турган бул жаатта жумуш жетиштүү.

Турмуш көргөзгөндөй – суу менен жабдуу

## §3. ТАРИФ САЯСАТЫ

Эсеби маселен, Ош облусунда 142 АТСПКБ катталган. Иш жүзүндө бирок алардын жарымы гана иштейт. Калгандары тариф саясатына байланышкан жеткиликсиз иштерге байланыштуу электр кубатына жана кызматкерлердин айлык акысына кеткен чыгымдарды жабалбай,

системасын куруп, АТСПКБ түзүп, аны кат- тоодон өткөрүп коюу жетишсиз. Көңүл борборуна адам ресурстарын коюш керек, башкача айтканда, ошол эле айылдык таза сууну пайдалануучулардын коомдук бирик- мелерин жана өзүн өзү башкаруу органда- рын институционалдык өнүктүрүү талабы турат. Себеби дал ушул эки институт жер жерлерди элди таза суу менен камсыз доодо негизги өнөктөр болуп эсептелет.

Суу пайдалануу процессинде социалдык өнөктөштүктү чыңдоо жогоруда аталган бирикме аркылуу башкаруу ишине калктын калың катмарын тартууга мүмкүнчүлүк ачат.

Суу менен калкты жабдуу маселесинде дагы бир олуттуу жагдай бар. Коомчулукта кен казып алуу үчүн жер казынасын пай- даланууга болгон укуктун салык ченемде- рин азайтуу көтөрүлүп келатат. Роялтинин өлчөмү, суу менен камсыз кылуучу атайын уюмдардан тышкары тараптар үчүн, нату- ралай алынуучу суунун көлөмүнө чегери- лип белгиленет[31].

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жер астындагы сууларды алууга (жер түбүнөн чыгарууга) бонустар жана роялтинин чен- дерин Өкмөттүн токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жолу төмөндөтүү маселесин демилгеленген. Учурда АТСПКБ, суу боюнча мекеме-ишка- налар жана башка жактар бардык тийиштүү салык төлөөчүлөрдүн катарында (анын ичинде суу сатуудан алынган кирешенин 5% да төлөөчү жак болуп саналат).

Өнүгүүнүн бул этабында суу тармагын- дагы учурдагы абалды эске алып ичүүчү суу менен камсыздоочу ишкана-уюмдарды роялти салыгынан бошотуу зарыл. Орусия- нын, Казакстандын оң тажрыйбасынан үлгү алып, жер астындагы сууларды «жер казы- насынын байлыгы» термининен чыгарууну карoo зарыл. Жер казынасынын «пайда- луу кендери» түшүнүгүнөн жер астындагы суулар чыгарыла турган болсо ичүүчү суу менен камсыздоочу тараптар бир катар салыктардан, атап айтканда, бонус, роялти, жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүү боюнча башка төлөмдөрдөн бошотулмак.

Мындай чаралар суу тазалап, жеткирүү, аны тейлөө, жабдуу иштерин жакшыртып, айыл- дык таза сууну пайдалануучулардын коом- дук бирикмелеринин өнүгүшүнө жакшы таасирин тийгизмек.

29 Өкмөттүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн маалыматы, чыгыш №03/390, 13.04.2017. 30 Өкмөттүн Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн маалыматы, чыгыш №08-17-15,14.04.2017. 31 Кыргыз Республикасынын Салык Кодекси, 17.10.2008, №230, 310-бет.



# §4. ЖЫЙЫНТЫК

Колхоз-совхоздор тарагандан кийин 10 жылдан ашуун убакыт айылдардагы таза суу менен камсыздоо системалары кароосуз калган, бул болсо өз кезегинде алардын техникалык абалынын өтө тездик менен начарлашына, республиканын көпчүлүк айылдарын таза суу менен жабдуу тутумдарынын биротоло иштен чыгышына алып келген.

Ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу көйгөйлөрү азыркы заманбап талаптарды канааттан дырып, коомдун улуттук кызыкчылыктарын эске алган бул жааттагы мыкты мыйзамдар кабыл алынып, турмушта иштей баштаганда гана чечилмекчи.

Суу менен, жана санитардык тейлөө менен байланышкан азыркы кризистик көрүнүштөрдүн келип чыгыш себептери ченемдик-укуктук базанын жеткиликсиздигинде, мыйзамдар дагы кемчиликтерде, жакырчылыкта жана мүмкүнчүлүктөрдүн айырмачылыгы менен теңсиздикте жатат. Алар болсо социалдык жана экономикалык көйгөйлөрдү курчутат: шаар калкынын көбөйүшүнө, климаттын өзгөрүшүнө, курчуп турган чөйрөнүн булганышына, суу ресурстарынын азайып, түгөнүшүнө алып келет.

Бул эки пункттан улам практикада кайсы мамлекеттик орган суунун сапатынын стандартта рын иштеп чыгып, бекитиши зарыл экени түшүнүксүз.

Калкты таза суу менен камсыздоо иштери улантылууда, бирок, турмуш көргөзгөндөй суу тутумдарын пайдалануу жакшы жолго коюлбагандыктан кошумча каражаттарды талап кылып, мурда жасалган иштердин баркын-баасын кетирүүдө.

Суу маселеси айтылып, делип келатат. Мамлекет жана коом ага байланыштуу көйгөйлөрдү чечүүгө дыкат мамиле жасасы ылаазым.

Түзүлгөн кризистик абалдан чыгып, таза суу жана санитария менен тейлөө кызматтарын жакшыртуу иштери адам укуктары контекстинде каралышы зарылдыгын эл аралык коом чулук дагы аңдар турган маалы. Ал болсо эл аралык донорлор тарабынан таза суу тарма гына бөлүнгөн каражаттардын көлөмүнөн көрүнөп турат.

Мамлекеттин алдындагы милдеттердин чечилиш ийгилиги негизги керектөөчү болгон элдин колдоосуна көп учурда байланган. Иче турган суу менен өмүр киндиктеш терең түшүнүктөр экендиги тангыс факт. Суу бар жерде жашоо бар, суу болсо анан барып жашоо гүлгө айланат. Сууну эч нерсе менен алмаштырууга мүмкүн эмес, андыктан жалпы адамзат жаратылыштын бул байлыгына бекем көз каранды.

32 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн (№548, 24.09.17) Токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасын 2014-2024-жылдар да калктуу конуштарды ичүүчү суу менен камсыздоону өнүктүрүү боюнча мамлекеттик Программада» айтылган маалыматтарга ылайык.

# §5. СУНУШТАМАЛАР

## *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:*

*1. Суу менен калкты жабдуу иштерине каралып жаткан каражаттардын сарпталы шына жана ошондой эле аткарылган иштери кабыл алуу маалында анын сапатына көзөмөлдү күчөтүү;*

*2. Таза суу менен камсыздоо максатында бөлүнгөн каражаттардын колдонулуп, сарпта лышын көзөмөлдөө процессине жамааттык коомдун активдүү мүчөлөрүн аралашты руу;*

*3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 28-мартындагы №155 токтому менен бекитилген «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын калктуу пункттарын таза суу менен жабдуу жана суу тутумдар системасын өнүктүрүү стратегиясы» турмушка ашыруу планын аткаруучу тараптарды аныктоо менен убакыт-чемем*
*дери көрсөтүлгөн Планды иштеп чыксын;*

*4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылы 30-декабрда кабыл алынган Токтомуна жер астынан суу чыгаргандарды салыктардан, атап айтканда, бонус, роялти ченде рин азайтууну же төлөмдөрдөн бошотууну караган өзгөртү, толуктоо киргизүүнү карасын;*

*5. Мектеп программаларына сууну жана суу ресурсттарын үнөмдүү пайдалануу боюнча предметтерди киргизүүнү карасын;*

## *Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарына:*

*1. Өз ыйгарым укуктарынын алкагында иче турган таза суу менен жабдуу системасы нын иштешине, ошондой эле, ал системаларды иштеткен мекемелердин жумушуна, суунун сапатын караган уюмдарга көзөмөлдү күчөтүшсүн;*

*2. Сууну астейдил үнөмдөп пайдалануу боюнча, сууга мамилени өзгөртүү зарылдыгына байланыштуу агартуучулук иштерди, ошондой эле, сууга өз убагында акча төлөөнүн маанилүүлүгүн эл арасында түшүндүрүп, жүргүзүшсүн;*

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

КР Кыргыз Республикасы

БУУ Бириккен улуттар уюмунун

ЖӨИА (АРИС) Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги

ЭСМУЭП Экономикалык, социалдык жана маданий укуктардын эл аралык пактысы

КР ӨТ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому ТИМ Кыргыз

Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ЖӨӨБО

Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары

АӨБ Азия өнүктүрүү банкы

АТСПКБ Айылдык таза сууну пайдалануучулардын коомдук бирикмелери

# АТАЙЫН БАЯНДАМАНЫ ДАЯРДОО ТОБУНУН ЖЕТЕКЧИСИ:

Оторбаев Кубат Табылдиевич-Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени)

## ЭКСПЕРТ:

Утешова Наталья

## МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗГӨН ТОП:

Токтосунова Наилья Жакшылыковна – Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппаратынын социалдык-экономикалык жана маданий укуктарды коргоо бөлүмүнүн башчысы

